**КР шайлоо жана референдум өткөрүү**

**боюнча борбордук**

**комиссиясынын төрагасы**

**Н.К.Шайлдабековага**

# Арыз

Урматтуу Нуржан Кармабековна!

№7 Ош бир мандаттуу шайлоо округу боюнча КРнын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүү күнү 2024-жылдын 28-апрелине белгиленген. Үгүт өнөктүгү учурунда 2024-жылдын 19-апрель күнү талапкер Максатбек Маматкуловго тийиштүү адамдар 95 миң сом добуш сатып алууга (подкуп) үчүн берип жаткан фактысы Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын кызматкерлери тарабынан аныкталган. Аталган факты Ош ШИИБдин Кылмыштарды каттоо маалыматтык бирдиктүү реестрине катталган.

Аталган факты боюнча текшерүү жүргүзүлүп, текшерүүнүн жыйынтыгы менен кылмышты козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынган. Аталган чечим шаардык прокуратура тарабынан көзөмөл ирээтинде окулуп, кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү чечим шаардык прокуратура тарабынан окулуп, жыйынтыгында тергөөчүнүн чечими бузулуп, кошумча текшерүү дайындалган. Азыркы учурда текшерүү иштери жүргүзүлүүдө.

Тергөөчү чечимди кабыл алууда КЖПКнын 19-беренесинин талаптарын одоно түрдө бузуу менен тактап айтканда, объективдүүлүктү жана калыстыкты кылмыш жасоого көмөк көрсөткөн себептерди жана шарттарды аныктоого багытталган иш мерчемдерин жүргүзбөстөн текшерүүнү бир беткей жүргүзгөн.

Мындай учурда КР КЖПКнын талаптарын одоно түрдө бузуу менен кабыл алынган чечим мыйзамсыз деп эсептелинет. Биздин кайрылуубуздан улам, Ош шаардык прокуратурасы кылмыш ишти кайра жандантып, учурда каралууда. Өзүңүздөр жакшы билгендей, шайлоо фонддон каржыланбаган жана банк аркылуу төлөнбөгөн каражаттардын бардыгы добуш сатып алуу (подкуп) жана мыйзам бузуу болуп саналат. Бул боюнча мыйзамга ылайык чара көрүп берүүңүздөрдү өтүнөм.

**№7 Ош шайлоо округу боюнча Жогорку**

**Кеңештин депутаттыгына талапкер**

**2024-жыл, 26-апрель** **Бекболот Арзибаев**